| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы<br>Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 20-23 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**

КМТУнун Окумуштуулар

кеңешинин жыйыны

Протокол № 10

"06" 06 2024 ж.

**БЕКИТЕМИН**

И.Раззаков атындагы

КМТУнун ректору

_________ М.К. Чыныбаев

Буйрук № 1/135

" 1 " 07 2024 ж.

# И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУНУН PHD ДОКТОРАНТУРАСЫНДАГЫ КАЛЫСТАР ЖӨНҮНДӨГҮ ЖОБО

**Бишкек, 2024**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАГЫ

| УЧА версиясы-нын № | Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункт же абзац( баракты корсотүү менен) | Окумуштуулар кеңешинин протокол № |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №10 26.06.2024 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1.Жалпы жоболор

1.1.И.Раззаков атындагы КМТУнун PhD докторантурасындагы калыстар жөнүндө Жобосу (мындан ары – жобо) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 601 «Жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнү (базалык докторантура (PhD)/тармак боюнча) уюштуруу тартиби жана философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор квалификациясын ыйгаруу жөнүндө жобого», Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы № 179 "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамына, 2023-жылдын 21-июнундагы "Илим жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Улуттук квалификация алкагына (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы № 491 токтому), И.Раззаков атындагы КМТУнун 2022-жылдын 30-ноябрындагы "Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор квалификациясын берүү жана негизги докторантурага кабыл алуу жана даярдоонун тартиби жөнүндө жобого жана И.Раззаков атындагы КМТУда 2023-жылдын 31-майындагы PhD диссертациясын даярдоо тартиби жөнүндөгү жобого ылайык иштелип чыккан.

**1.2**. Ушул жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **калыстар** – PhD диссертациясын алдын ала жана ачык коргоону жүргүзүү үчүн ЖОЖдор жана илимий мекемелер тарабынан түзүлгөн эксперттик топ. Чет өлкөдө берилген илимий даражасын ыйгаруу жөнүндө диплому бар калыстар үчүн нострификация жол-жобосунан өтүү талап кылынбайт;
- **PhD диссертациясы** - жаңы илимий натыйжаларды жана автордун илимге болгон жеке салымын күбөлөндүрүүчү, өз алдынча илимий изилдөөбоюнча квалификациялык иш;
- **илимий жетекчилер** - докторанттардын илимий изилдөөлөрүн жана окуу ишин аттестациялоо жанажыйынтыктарын көзөмөлдөө, илимий жетектөөнү жүзөгө ашыруу, ошондой эле, PhD диссертациясын алдын ала жана ачык коргоо процессине катышуу үчүн дайындалган илимий адис же илимий адистердин тобу;

-**философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор** - Улуттук квалификациялык алкактарга ылайык, квалификациянын негизинде PhD диссертацияны эл алдында коргогондон кийин берилүүчү илимий даража;

- **транскрипт** - билимди баалоо үчүн баллдык-рейтингдик системага ылайык, кредиттерди жана бааларды көрсөтүү менен окуу мезгилинде аяктаган дисциплиналардын тизмесин камтыган документ.

1.3. Бул жобо И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде "Философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо үчүн эксперттик топту – калыстарды түзүүнүн жана ишин уюштуруунун тартибин белгилейт.

1.4.Калыстар курамынын ишин ректор, илим иштери боюнча проректор координациялайт, курамын бекитет жана анын ишин көзөмөлдөйт.

1.5.Калыстар диссертациялардын экспертизасынын сапаты жана объективдүүлүгү үчүн, диссертацияны коргоо боюнча кабыл алынган чечимдердин негиздүүлүгү үчүн жоопкерчилик тартат.

1.6.Калыстардын иши тууралуу отчет университеттин сайтында жайгаштырылат.

## 2.Калыстардын ишин уюштуруу

2.1.Калыстар университет тарабынан өз алдынча түзүлөт жана университеттеPhD докторантуранын аккредитацияланган илимий - билим берүү программалары (мындан ары-ИББП) болгон учурда иштейт.

2.2.Алдын ала жана ачык коргоонуөткөрүү үчүн кафедранын кеңейтилген отурумунун оң корутундусунун жана ИББПнын (илимий-билим берүү программалары) жетекчисинин билдирмесинин негизиндеаспирантура жана докторантура бөлүмүтарабынан билдирмеберилет. Университеттин ректорунунбуйругуменен илимдин кандидаты, илимдин доктору, философия доктору (PhD), тармактар боюнча доктордук даражасы бар **беш адамдан турган**калыстардын курамы түзүлөт *(1-тиркеме)*.

2.3.PhD диссертацияга экспертиза жүргүзүү мезгилинде, калыстар курамынын ишин камсыз кылуу үчүн анын курамына кирбеген окумуштуу катчы дайындалат.
2.4. Калыстар курамынын катчысы жыйналыштардын протоколдорун жүргүзөт жана апелляциялык комиссияга зарыл материалдарды берет. Калыстар курамынын жыйналышынын протоколуна калыстардын төрагасы жана катчысы кол коюшат.
2.5.Калыстар курамынын кеминде 2 мүчөсү башка ЖОЖдордун жана (же) илимий мекемелеринин өкүлдөрүнөн, анын ичинде алардын жок дегенде бири чет өлкөлүк университеттин же илимий мекеменин өкүлү болууга тийиш.

Калыстар курамына кирүү үчүн талапкерлер өз тармагында доктор (PhD)/доктордон кем эмес илимий даражасы бар, акыркы 5 жыл ичинде ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий басылмаларда илимий эмгектери бар, анын ичинде Scopus жана Web of Science эл аралык системалары тарабынан индекстелген нөлдүк эмес факторго ээ болгон экиден кем эмес илимий басылмалары бар адистер болушу керек.
2.6. Чыгармачылык адистиктер боюнча калыстардын курамына доцент илимий наамы, ардактуу наамдары (сүрөтчү, архитектор/маданият ишмери) бар адамдар кириши мүмкүн.
2.7.Чет өлкөдө берилген илимий даражасын ыйгаруу жөнүндө дипломy бар калыстар мүчөлөрү үчүн нострификация жол-жобосунан өтүү талап кылынбайт.
2.8.Калыстаркурамын түзүүдө, мүчөлүгүнө талапкерлер жөнүндө маалымат атайын формада берилет *(2-тиркеме).*
2.9. КМТУ камсыз кылат:
1) Калыстар курамынын жыйналыштарын өткөрүү жана диссертацияларды ачык коргоо, анын ичинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды, программалык-техникалык каражаттарды колдонуу үчүн зарыл шарттарды;
2) Калыстар курамынын ишине байланыштуу чыгымдарды төлөө.

**3. Калыстардын функциялары**
3.1. Калыстардын функциялары:
-"Жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүүнү (базалык докторантура (PhD)/тармакбоюнча) уюштуруунун тартиби жөнүндө" жободо белгиленген талаптарга ылайык келүүсүн камсыздоо үчүн калыстардын бардык мүчөлөрү тарабынан коомдук талкууга параллелдүү түрдө PhD диссертациясын экспертизадан өткөрүү.
- диссертациялык изилдөө жүргүзүлгөн жерде калыстар мүчөлөрүнүн алдында алдын ала коргоо;
- PhD диссертациясын ачык коргоо.
- философия доктору (PhD)/тармак боюнча илимий даражасын ыйгаруу;
- диссертацияны коргоого берүүнүн жана аны коргоонун тартибин бузуу бөлүгүндө окумуштуулук даражаларды ыйгаруу маселелери боюнча кайрылууларды кароонун натыйжалары боюнча корутунду берүү;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген каттоо номери жана QR-код менен философия доктору (PhD)/жана тармактын доктору илимий даражасын ыйгаруучу мамлекеттик үлгүдөгү дипломду берүү.

**4. PhD диссертацияга алдын ала экспертиза жүргүзүүнүн тартиби**

4.1. PhD билим берүү программаларын толук бүтүргөн PhDдокторанттар, окуу мөөнөтү аяктаганга үч ай калган мөөнөттөн кечиктирбестен ИББП (илимий-билим берүү программалары) ишке ашырылып жаткан кафедранын кеңейтилген жыйынында PhD диссертацияны талкуудан өткөрүшү керек.
4.2. Кеңейтилген жыйынга кафедранын мүчөлөрү, илимий жетекчилер, ошондой эле тиешелүү (тектеш) бөлүмдөрдүн, илимий жана башка уюмдардын өкүлдөрү, практиктер (прикладдык мүнөздөгүд иссертациялар үчүн) катыша алышат.

4.3. Диссертациялык изилдөөнүн негизги илимий натыйжалары диссертацияны коргоого чейин, экиден кем эмес илимий макала Web of Science жана Scopus эл аралык системалары тарабынан индексацияланган, нөлдүк эмес импакт-факторлуу илимий басылмаларда жарыяланат.
PhD диссертация төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:
- мамлекеттик масштабда артыкчылыктуу болуп саналган актуалдуу маселелерге ылайык келүүгө;
- PhD диссертация корголуп жаткан тармакка ылайык келүүгө;
- илимдин, техниканын жана өндүрүштүн алдыңкы теориялык, методологиялык жана технологиялык жетишкендиктерине негизделүүгө;
- конкреттүү практикалык сунуштарды, теориялык жана/же прикладдык маселелерди чечүү жолдорун камтууга;
- коргоонун натыйжалары институттук деңгээлде жана/же тармактык масштабда ишке ашырылууга тийиш.
4.4. PhD диссертацияга алдын ала экспертиза жүргүзүү жөнүндө корутунду кеңейтилген жыйналыштын протоколунан көчүрмө түрүндө тариздэлет, ага жыйналыштын төрагасы жана катчысы кол коет, жана илим иштери боюнча проректор тарабынан бекитилет.
4.5. Кафедранын кеңейтилген отурумунун оң корутундусун алгандан кийин докторант калыстар тобунун төрагасынын атына арыз берет (4-тиркеме).
4.6.PhD докторанттын калыстар төрагасынын атына жазылган арызы жок болгон учурда, диссертацияны карoo токтотулат.
4.7.И.Раззаков атындагы КМТУнун 2023-жылдын 31-майындагы Диссертацияны даярдоонун тартиби жөнүндө жобонун талаптарына ылайык, калыстар даярдалган диссертацияны алдын ала кароого кабыл алат. Калыстардын окумуштуу катчысы катчысы докторант тапшырган документтерди каттоо тизмесине ылайык кабыл алат.(5-тиркеме)
4.8. PhDдокторант эл аралык маалымат базасында, акы төлөнүүчү негизде "Антиплагиат" компьютердик программасын колдонуу менен диссертациялык ишти текшергендиги тууралуу сертификатты берүүгө тийиш.
PhD диссертациянын текстинин оригиналдуулугу төмөндөгүдөй болушукерек:
- коомдук жана гуманитардык илимдер - 75% кем эмес;
- табигый илимдер, техникалык, физика-математикалык илимдер - 85% кем эмес.
Диссертацияны кыргыз, орус же англис тилдеринде тапшырса болот.
4.9. PhD докторант, илимий жетекчилер жана бүтүрүүчү кафедра илимий изилдөөлөрдү пландаштырууда, баалоодо, тандоодо, жүргүзүүдө жана жайылтууда мыйзам бузууларды болтурбоо үчүн диссертациянын аткарылыш талаптарына жана этикалык нормалардын сакталышына жооп берет.
4.10. Калыстардын бардык мүчөлөрү алдын ала коргоого чейин эки айга чейинки мөөнөттөн кечиктирбестен, коомдук талкууга параллелдүү түрдө PhDдиссертациянын алдын ала экспертизасын жүргүзүүсү керек, жана ал маалымат университеттин сайтында жайгаштырылат.
4.11.Калыстар тарабынан жүргүзүлгөн PhD диссертациянын экспертизасы жана коомдук талкуулоо аяктагандан кийин калыстардын окумуштуу катчысы алдын ала коргоону уюштурат, диссертациянын алдын ала коргоосунун тартибин жана графигин аныктайт.
4.12.Экзамендин жыйынтыгы боюнча калыстар мүчөлөрү PhDдиссертация боюнча корутундусун бериши керек, анда төмөнкү суроолор камтылат:
1) диссертациялык изилдөөнүн темасын бекитүү, тема өзгөргөн учурда – өзгөртүүнүн негиздемеси;
2) илимий жетекчилик, алмаштырууда – чечимдин негиздемеси;
3) PhD диссертация биринчи жолу же бир нече жолу берилгенде, кайталап берилген учурда – диссертацияга эскертүүлөрдү алып салу жөнүндө маалымат;
4) тандалган теманын актуалдуулугу;

5) PhD диссертациянын мазмунунун аталышына, ошондой эле программанын багытына ылайык келиши;
6) изилдөөлөрдүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгү, корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүгү;
7) коргоого берилген илимий натыйжалардын жаңычылдыгы;
8) изилдөөлөрдүн натыйжаларынын илимий, практикалык, экономикалык, социалдык мааниси жана бул маанини ырастоочу маалыматтар;
9) диссертациялык изилдөөнүн илимий натыйжаларын жарыяланган эмгектерде көрсөтүү;
10) PhD диссертацияда көрсөтүлгөн илимий натыйжаларды алууга автордун жеке катышуусу.
4.13. Алдын ала мамлекеттик коргоо калыстар тобунун жыйналышынын протоколу менен таризделет.PhD диссертацияны алдын ала коргоо иш-чарасы видеого тартылууга тийиш.
4.14.Алдын ала коргоонун жыйынтыгы боюнча калыстар тобунун мүчөлөрү төмөнкүдөй чечимдерди чыгарышат:
1) PhD диссертацияны коргоого датасын белгилөө менен сунуш кылууга;
2) сын-пикирлерди алып салгандан кийин (3-6 ай) PhD диссертацияны коргоого сунуш кылууга;
3) PhD диссертацияны четке кагууга;

**5. PhD диссертацияны ачык коргоону өткөрүүнүн тартиби**

5.1. Ачык коргоого PhD диссертациянын бекитүү барагында калыстар мүчөлөрүнүн колтамгалары менен тастыкталган, диссертациялык изилдөө жүргүзүлгөн жерде алдын ала коргоодо берилген оңдоп-түзөлгөн сын-пикирлери жана аткарылган сунуштары менен диссертацияларга жол берилет.
5.2. Калыстардын окумуштуу катчысы ачык коргоого бир ай калганда КМТУнун расмий сайтына коргоонун убактысы жана орду, докторант жана илимий жетекчилер жөнүндө маалымат, ошондой эле конкурстун тексти жөнүндө кулактандыруу (6-тиркеме) жайгаштырат.PhDдиссертация (мамлекеттик сырды же кызматтык пайдалануу үчүн маалыматтарды камтыган материалдардан жана диссертациялардан тышкары) жана кыргыз тилиндеги аннотация менен коштолууга тийиш.
5.3. Калыстардын окумуштуу катчысы ачык коргоого бир ай калганда КМТУнун расмий сайтына коргоонун убактысы жана орду, докторант жана илимий жетекчилер жөнүндө маалымат, ошондой эле конкурстун тексти жөнүндө кулактандыруу (6-тиркеме) жайгаштырат. Диссертация (мамлекеттик сырды же кызматтык пайдалануу үчүн маалыматтарды камтыган материалдардан жана диссертациялардан тышкары) жалпы көлөмү 15 беттен ашпаган кыргыз, орус, англис тилдеринде рефераттан турууга тийиш (12-тиркеме).
5.4.PhD диссертацияны интернет-ресурска жайгаштыргандан кийин диссертациянын мазмуну боюнча расмий эмес рецензияларды жайгаштырууга болот.Авторлугун аныктоого мүмкүн болбогон жана автордун электрондук почтасынын дареги жок болгон учурда расмий эмес сын-пикирлер коргоого берилбейт.
5.5. Калыстардын пикирлери жана бекитүү баракчасы коргоонун белгиленген күнүнө чейин 10 (он) жумушчу күн калганда окумуштуу катчыга берилет (9-тиркеме).
5.6. Диссертацияны ачык коргоо илимий талкуу мүнөзүнө ээ болуп, талаптуулуктун, бүтүндүктүн жана илимий этиканы сактоонун кырдаалында, ошол эле учурда диссертацияда камтылган илимий жана практикалык мүнөздөгү бардык корутундулардын жана сунуштардын ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү болушу керек.
5.7. Калыстар тобунун жыйналышы, эгерде анын ишине анын мүчөлөрүнүн кеминде 2/3 (үчтөн эки) катышса, ыйгарым укуктуу деп эсептелет, бул катышуу баракчасында (8-тиркеме) чагылдырылат.

5.8. Кворум болгон учурда калыстардын төрагасы жыйналышты ачып, корголуп жаткан PhDдиссертация жөнүндө маалыматты жарыялайт.
5.9. Калыстар PhD диссертацияны коргоону видеого тартууну камсыз кылат, диссертацияны ачык коргоо түз эфир аркылуу онлайн режиминде жүргүзүлөт. Бирок, PhD диссертация мамлекеттик сырларды же кызматтык пайдалануу үчүн маалыматтарды камтыган учурда диссертацияны ачык коргоо толук бойдон эфирге чыгарылбайт.Рецензент эмес, чет өлкөлүк илимий жетекчилер/диссертацияларды коргоо боюнча калыстар мүчөлөрү үчүн онлайн катышууга/добуш берүүгө уруксат берилет.
5.10. PhDдокторант, зарыл болгон учурда коргоого 7 (жети) жумушчу күн калган мөөнөткө чейин кечиктирбестен диссертациясын коргоодон чакыртып алууга укуктуу.
5.11.PhD диссертацияны коргоо боюнча калыстардын жыйналышын уюштурууга төмөнкүлөр кирет:
- калыстар тобунун жыйналышында төрагалык кылуучунун кворум жөнүндөгү билдирүүсү, жыйналышты өткөрүү компетенттүүлүгү, PhDдокторанттын баяндамасы, даярдоо багыттары, PhDдиссертациянын темасы, илимий жетекчилери жөнүндө сүйлөгөн сөзү;
- PhDдокторанттын өздүк ишинде бар документтердин тизмесин жана берилген документтердин белгиленген талаптарга ылайыктуулугун жарыялоо үчүн окумуштуу катчынын сөзү;
- диссертациянын негизги мазмунун баяндоо боюнча PhDдокторанттын баяндамасы 30 мүнөттөн, коргоо убактысы жалпысынан 90 мүнөттөн ашпоого тийиш;
- коргоого катышкан катышуучуларынын суроолору – PhDдокторанттын жооптору;
- расмий эмес рецензиялар (эгерде бар болсо, окумуштуу катчы окуйт);
- калыстар тобунун жыйналышынын катышуучуларын талкуулоо;
-видеоконференция форматында жашыруун добуш берүүнү өткөрүү жана жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча калыстардын окумуштуу катчысынын сөзү;
- коргоонунжыйынтыгынжарыялоо;
- PhDдокторанттынжыйынтыктоочусөзү;
- PhDдиссертация боюнча калыстардын корутундусун даярдоо жана кабыл алуу (7-тиркеме).

Корутунду ачык добуш берүү жолу менен, жөнөкөй көпчүлүк добуш берүү менен кабыл алынат.
5.12. Калыстар төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алуу үчүн жашыруун добуш берүүнү өткөрөт:
1) философия доктору (PhD) /тармак боюнча доктору илимий даражасын ыйгаруу;
2) философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктору илимий даражасын ыйгаруудан баш тартууга.
5.12. Философия доктору (PhD) же тармак боюнча илимдин доктору илимий даражасын ыйгаруу жөнүндөгү калыстардын чечими, эгерде калыстардын 4 мүчөсү добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет.
5.13. Эгерде калыстардын терс чечими диссертацияда мыйзамсыз маалымат колдонуунун болушу же диссертациянын негизги илимий натыйжалары белгиленген диссертацияга илимий даражага талапкер тарабынан жарыяланган эмгектер жөнүндө маалыматтардын бузулушу жана (же) ишенимсиздиги менен шартталган болсо, анда PhD диссертацияны кайра коргоого жол берилбейт.
5.14. Калыстар тарабынан четке кагылган PhD диссертация болгон учурда, докторант жеке планды аткарган жок деп эсептелинип, университеттин Аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн сунушу боюнча ректордун буйругу менен PhD докторантурадан чыгарылууга тийиш.
5.15. Калыстардын окумуштуу катчысы илимий даража ыйгаруу жөнүндө оң чечим кабыл алынган жыйналыштан кийин 10 күндүн ичинде докторанттын аттестациялык делосун түзөт жана анны университеттин Аспирантура жана докторантура бөлүмүнө өткөрүп берет, өздүк иши менен бирге КМТУнун архивине тапшырылат (11-тиркеме).

**6. Калыстардын чечимин апелляциялык комиссияга берүүнүн тартиби**

6.1.Калыстардын чечиминин жыйынтыгы боюнча PhD докторант калыстардын терс чечимине карата апелляциялык комиссияга арыз менен даттанууга укуктуу.
6.2. Терс чечим кабыл алынган күндөн тартып 2 (эки) айдын ичинде, докторант тарабынан калыстардын терс чечимине даттануу университеттин ректоруна эркин формада берилет. Апелляцияны жүргүзүү тартиби ушул жобонун нормаларына ылайык, университет тарабынан өз алдынча бекитилет.
6.3. Даттануу берилген күндөн тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде Окумуштуулар кеңешинин/ Илимий-техникалык кеңештин сунушу боюнча университеттин ректорунун буйругу менен апелляциялык комиссия (мындан ары - комиссия) түзүлөт. Комиссиянын курамына тиешелүү тармак боюнча илимий даражасы бар 3 (үч) адис жана университеттин аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн кызматкерлеринин ичинен техникалык катчы (добуш берүү укугу жок) кирет.Илимий жетекчилер жана калыстар мүчөлөрү комиссиянын мүчөсү боло алышпайт. Комиссия өз ишинде ушул жобонун ченемдерин жетекчиликке алат.
6.4. Комиссия апелляциялык арызды, PhDдиссертацияны, PhDдиссертацияны коргоо боюнча калыстардын материалдарын карайт, апелляциянын жыйынтыгы боюнча корутунду даярдайт жана ал түзүлгөн күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде чечим кабыл алат.
6.5. Комиссиянын чечими ачык добуш берүү менен, көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана анын бардык мүчөлөрү кол коет.
6.6.Комиссиянын чечими жана корутундусу 15 (он беш) календардык күндүн ичинде калыстардын кайра кароосуна жиберилет. Апелляция боюнча калыстардын чечими акыркы болуп саналат жана PhD докторантка билдирилет.
6.7.Апелляция боюнча калыстардын чечими PhD докторантка ал кабыл алынган күндөнт тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде билдирилет жана университеттин сайтында жайгаштырылат.
6.8. Философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктору илимий даражасын берүүдөн баш тартуу маселеси боюнча калыстардын акыркы чечими менен макул болбогон учурда, чечим сотко даттанылышы мүмкүн.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы А.Ж.Исраилов

**Тиркеме 1**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

# БУЙРУК

«___» _____________ 20___ г.

**Философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча калыстар, калыстар курамын, ошондой эле анын жарактуулук мөөнөтүн бекитүү жөнүндө**

1. И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин PhD докторантурасында философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоону өткөрүү үчүн төмөнкү багыттар боюнча калыстар бекитилсин:

| № | Шифр | Багыттын аталышы |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | | |

2. Калыстардын төмөнкү курамы бекитилсин:

| № | Аты-жөнү (алфавиттик ирээтте) | Окумуштуулук даражасы, наамы ( диплом жана аттестатты көрсөтүү) | Илимий-педагогикалык иши боюнча кызматы |
|---|---|---|---|
| 1. | | | |
| 2. | | | |

3. Калыстардын иштөө мөөнөтү – ________ жыл

Ректор (колу)

Дата

**Тиркеме 2**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

## Калыстар жөнүндө маалымат

Философия доктору (PhD)/тармак боюнча доктор илимий даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоону өткөрүү үчүн төмөнкү багыттар боюнча:

___________________________________________________________________________

И.Раззаков атындагы КМТУдагы (багыттын аталышы жана шифри), билим берүү программасы

| № к/н | Аты-жөнү | Туулган жылы; атуулдугу | Негизги иш орду | Окумуштуулук даражасы, наамы ( адистиги жана багытын көрсөтүү) | Акыркы 5 жылдагы илимий эмгектери, анын ичинде Scopus, Web of Science эл аралык системаларда индекстелген басылмаларда жарыяланганы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

Ректор

_____________________ _________________ ____________________

(колу)

Дата мекеменин мөөрү

**Тиркеме 3**
И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

**И.Раззаков атындагы КМТУнун PhD докторантурасындагы калыстардын ишинин_________жыл үчүн отчету**

____________________________________________________________________
(жождун аталышы)

___________________________________________________багыты боюнча

Отчет кийинки маалыматты камтыйт:
**1**. Өткөрүлгөн жыйналыштардын саны жөнүндө маалымат.
**2**.Жыйналыштын жарымынын көбүнө катышпаган калыстардын аты-жөнү.
**3**. PhD докторанттын тизмеси ( багыты/окутуу программасы)
**4**.Отчеттук мезгил ичинде калыстар тарабынан каралган PhD диссертацияларга төмөнкү бөлүмдөрдү белгилөө менен кыскача талдоо жүргүзүү:
1)каралган иштердин тематикасын талдоо;
2)"Илим" жөнүндө мыйзамдын 18 беренесинин 3-пунктуна жана/же мамлекеттик программаларга шайкештиги жана диссертациянын темасынын илимдин негизги өнүгүү багыттары менен байланышы;
3)диссертациянын натыйжаларынын практикалык ишке ашыруу деңгээлине талдоо жүргүзүү;
**5**. Философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор илимий даражасын алуу үчүн коргоого берилген диссертациялардын саны:
1)коргоого кабыл алынган диссертациялар (анын ичинде, башка жождордун PhD докторанттары);
2)кароодон алынып салынган диссертациялар(анын ичинде, башка жождордун PhD докторанттары);
3)Терс рецензия алган диссертациялар(анын ичинде, башка жождордун PhD докторанттары);
4)Коргоонун жыйынтыгында терс чечим алган диссертациялар (анын ичинде, башка жождордун PhD докторанттары);
5)Кайрадан иштеп чыгууга жиберилген диссертациялар (анын ичинде, башка жождордун PhD докторанттары);
6)Кайра коргоого калтырылган диссертациялар (анын ичинде, башка жождордун PhD докторанттары).

Калыстар төрагасы____________________________________
(колу, аты-жөнү)
Калыстардын окумуштуу катчысы____________________________________
(колу, аты-жөнү)

Мөөр, дата "______"_____________20____ жыл..

**Тиркеме 4**

*(арыз кол жазма менен толтурулат)*

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору

_______________________________

_______________________________ багыты
(Шифр, аталышы) боюнча PhD докторант

_______________________________
(Аты-жөнү толугу менен )

## Арыз

Философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор илимий даражасын алуу үчүн_______________________________________________________________
(багыты, шифри) боюнча көрсөтүлгөн
"_______________________________________________________________"
(теманын аталышы) PhD диссертациямды кароого жана андан ары коргоого кабыл алуунузду суранам

Илимий жетекчилер:

Ата-мекендик_______________________________________________

Чет элдик _______________________________________________

PhD диссертация _______________________________________________
_______________________________________________________________
(ЖОЖдун, институт/жогорку мектептин, кафедранын аталышы) аткарылды.

Диссертациялык иш коргоого алгачкы жолу көрсөтүлдү/ (кайра көрсөтүү, алгачкы көрсөтүүнүн датасы).

PhD докторанттын колу,
дата

**Тиркеме 5**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобосу

**Илимий даражаны изденүүчүнүн калыстарга өткөрүүчү документтеринин**
**ТИЗМЕГИ**

1. Ректор жана калыстардын төрагасы (төрайымы) тарабынан кол коюлган PhD докторанттын арызы.
2. Транскрипт – Докторантуранын билим берүү программасын өздөштүргөндүгү жөнүндөгү, ректор/окуу иши боюнча проректордун колу менен бекитилген маалымкат. ( 2 экз.)
3. Катуу переплет жасалган PhD диссертация (2 экз.)
4. Калыстар түзүлгөн мекеменин китепканасына жана оппоненттерге берүү үчүн жетиштүү санда даярдалган диссертация жана диссертациянын аннотациясы (кыргыз жана орус тилдеринде).
5. Диссертация даярдалган кафедранын кеңейтилген жыйынынын көчүрмөсү катары даярдалган, диссертациянын темасынын бекитилгени боюнча маалымат камтыган, мекеме жетекчисинин колу жана мекеменин мөөрү менен бекитилген корутунду (2 экз.).
6. Диссертациянын темасы жана илимий жетекчиси бекитилгени боюнча университеттин Окумуштуулар кеңешинин протоколунан көчүрмө (2 экз.).
7. Ата-мекендик жана чет элдик илимий жетекчилеринин пикири (отзыв) -(2 экз.).
8. Иштеген жери боюнча окумуштуу катчы тарабынан бекитилген илимий эмгектеринин тизмеси (2 экз.).
9. Калыстардын окумуштуу катчысы тарабынан бекитилген басылып чыгарылган эмгектеринин түп нускалары жана көчүрмөлөрү (1 экз.).

**Тиркеме 6**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

# КУЛАКТАНДЫРУУ

Философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор илимий даражасын алуу үчүн_____________________________________________багыт

(шифр, багыттын аталышы, программа)

_______________________________________ PhD диссертациясын коргоо

(PhD доктoранттын аты-жөнү)

Бишкек шаарынын Ч.Айтматов көчөсү 66 дарегинде жайгашкан И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин PhD докторантурасынын калыстарынын отурумунда «____» «_____________» 20 ______жылы №______ кабинетинде болот.

PhD диссертациянын темасы

«_______________________________________________________________»

Илимий жетекчилер: _____________________________________________

(Аты- жөнү, окумуштуулук даражасы, наамы, иштеген жери).

Расмий оппоненттер:

_______________________________________________________________

(Аты- жөнү, окумуштуулук даражасы, наамы, иштеген жери).

PhD диссертация менен университеттин сайтынан жана Ч.Айтматова 66 дарегинде 1/246 кабинетинде жайгашкан китепканадан таанышса болот.

**Тиркеме 7**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

## КОРУТУНДУ

Калыстар мүчөсү

___________________________________________________________________

(Калыстар түзүлгөндүгү жөнүндө буйруктун номуру, мекеменин аталышы)

Аты- жөнү ___________________________________________________________

Философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор илимий даражасын алуу

үчүн_______________________________________________________________багыт

(шифр, багыттын аталышы, программа)

___________________________________________________________________

(PhD докторанттын аты-жөнү)

PhD диссертацияны кароонун жыйынтыгында, төмөнкүдөй корутунду берем:

1. Диссертациялык иш адистикке туура келет ( туура келбейт).
Көрсөтүлгөн диссертация калыстардын адистигине туура келет(туура келбейт).
Диссертацияда жүргүзүлгөн изилдөө___________________________________

(диссертациядагы негизги көйгөй)

2. Диссертациянын максаты___________________________________________

Коюлган максат төмөнкү маселелерди чечүү менен ишке ашырылды:

1.___________________________________________________________

2.___________________________________________________________

(маселелер)

Коюлган маселелерди чечүүгө жараша максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо (этаптар, ишке ашыруу ыкмалары жана каражаттары ж.б.)

Изилдөө объектисинин диссертациянын максатына туура келүүсү:
___________________________________________________________________

Ар бир максат боюнча изилдөө ыкмаларынын диссертациянын максатына туура келүүсү (заманбап аппаратураны пайдалануу, лабораториянын сертификатынын болуусу, статистикалык талдоонун тактыгы ж.б.:

___________________________________________________________________

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу______________________________

___________________________________ (фундаменталдык же прикладдык илимдин маселелерин чечүү, буга чейинки окумуштуулардын изилдөөлөрү, изилдене элек маселелер)

___________________________________________________________________

Диссертациядагы коюлган маселелерди чечүүдө илимий адабият булактарын колдонуу жана талдоо жүргүзүү деңгээли:

Жогорудагы белгиленгендердин негизинде, изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөө актуалдуу (актуалдуу эмес) замандын талабына туура келет (замандын талабына туура келбейт).

3. Илимий изилдөөнүн натыйжалары

Иште ______________________________________________________ илиминин

(илимдин тармагы)

өнүгүүсүнө зор мааниси бар төмөнкү жаңы натыйжалар жетишилген:

3.1. Заманбап илимдин алкагында, алынган натыйжалардын илимий жаңычылдыгы бар ( илимий ачылыш, жаңы идея, гипотеза, диагностоонун жана дарылоонун жаңы ыкмасы, көйгөйдүн жаңыча аталышы ж.б.).

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө (материал топтоо ыкмалары жана илимий чечимдин аргументтүүлүгү:

3.3. Иштин теоретикалык мааниси ( жаңы теория же илимдеги теорияны же концепцияны байытуу)

3.4. Квалификацияга туура келүүсү.

4. Алынган натыйжалардын практикалык манилүүлүгү ( тармак үчүн, өлкө үчүн, дүйнө үчүн ).

Диссертацияда алынган илимий натыйжалар ишке ашырылды:

Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде колдонулду ( патентте, усулдук көрсөтмөдө, министрликтин чечимдеринде жана токтомдорунда ж.б.)

______________________________________________________________________

PhD докторант ______________________________ диссертациясынын материалдары (ооруну азайтуу, дарылоонун сапатын жакшыртуу, пайда табуу, бааны төмөндөтүү ж.б.) маселелердин чечилишине шарт түзөт: ________________________________________)

5.Эскертүүлөр:_________________________________________________________

______________________________________________________________________

6. Сунуштар: __________________________________________________________

______________________________________________________________________

8. Кеңештер: __________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

9. Корутунду: _________________________________________________________

______________________________________________________________________

10. Төрага (төрайым) / орун басары/ калыстар мүчөсү, көрсөтүлгөн документтерди карап чыгып ______________________________________________________ темасындагы

( диссертациянын темасынын аталышы)

PhD диссертация Философия доктору (PhD)/ тармак боюнча доктор илимий даражасын

алуу үчүн ________________________________________________________ багыт

(шифр, багыттын аталышы, программа)

______________________________________________________ кабыл алынсын/

кабыл алынбасын ( аргументтүү түшүндүрмө менен).

Төрага (төрайым) / орун басары/ калыстар мүчөсү ______________________

Колу Дата

**Тиркеме 8**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

**Калыстардын отурумга катышуусун**
**КАТТОО БАРАКЧАСЫ**

Калыстардын отуруму "____"____________20____ жыл, протокол № ________
______________________________________________________________ багыты боюнча
PhD докторант ________________________________________________________
(Аты- жөнү)
диссертациясын коргоосу докторанта

| № | Калыстардын аты- жөнү | Окумуштуулук даражасы, наамы | Отурумга катышуусу (колу) |
|---|---|---|---|
| **1** | | | |
| **2** | | | |
| **3** | | | |
| **4** | | | |
| **5** | | | |

Калыстардын окумуштуу катчысы ____________ ______________________________
(Аты- жөнү, колу)

**Тиркеме 9**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

## Макулдашуу баракчасы

PhD докторант ____________________________________________
(доктoранттын аты- жөнү)
«________________________________________» темасы боюнча айтылган
(теманын аталышы)
эскертүүлөрдү оңдоо боюнча

| № к/п | Калыстардын аты- жөнү) ( паспорт боюнча) | Колу | Дата |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| 4 | | | |
| 5 | | | |

**Тиркеме 10**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

**PhD докторант жөнүндө маалымат**

сүрөт

______________________________________________

(аты- жөнү)

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Туулган датасы жана жери, атуулдугу, улуту. | | |
| 2 | PhD докторантурада окугандыгы боюнча маалымат ( ЖОЖ, окуган жылдары) | | |
| 3 | Багыты/программасы | | |
| 4 | Диссертацияны коргоо күнү жана жери | | |
| 5 | Диссертациянын темасы жана тили | | |
| 6 | Илимий жетекчилер (аты- жөнү, окумуштуулук даражасы, наамы, атуулдугу) | | |
| 7 | Расмий рецензенттер (аты- жөнү, окумуштуулук даражасы, наамы, атуулдугу) | | |
| 8 | Илимий эмгектеринин саны, жалпы, анын ичинде:(WebofScience / Scopus) | | |
| 9 | Эмгек жолу | | |
| Кабыл алынган күнү/ бошотулган күнү | | Иштеген жери, кызматы | Мекеменин жайгашуусу |
| | | | |
| 10 | Жашаган жери, тел.номуру | | |

Калыстардын окумуштуу катчысы ______________________________________

(колу, аты- жөнү)

Мөөрү, датасы «______» _______ 20 ____ жыл.
Калыстардын отуруму "___"__________20____ жыл, протокол № ________

**Тиркеме 11**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

## PhD доктoранттын аттестациялык делосундагы документтердин

## ТИЗМЕГИ

1) Диссертацияны мамлекеттик китепканага жөнөткөндүгү тууралуу маалымкат ( мамлекеттик жашыруун сырды же кызматтык пайдалануу материалдарын камтыган диссертациялардын сырткары);

2)Диссертациянын электрондук түрү. Мамлекеттик жашыруун сырды же кызматтык пайдалануу материалдарын камтыган диссертациялар ошондой эле кагаз түрүндө;

3) Диссертациянын темасы боюнча илимий эмгектердин тизмеси;

4) өздүгүн аныктоочу документин көчүрмөсү (паспорт);

5) Диссертацияны плагиатка текшерүү боюнча маалымкат.

6) Калыстар мүчөлөрүн каттоо баракчасы;

7) Макулдашуу баракчасы;

8) Коргоонун толук видеожазуусу, калыстардын отурумунун төрагасынын (төрайымынын) жана окумуштуу катчысынын колу коюлган коргоо же кайра коргоо боюнча отурумдун протоколу;

9)докторантурадагы билим берүү программасын өздөштүргөндүгү тууралуу транскрипттин көчүрмөсү;

10) докторант жөнүндө маалымат;

**Тиркеме 12**

И.Раззаков атындагы
КМТУнун PhD
докторантурасындагы
калыстар жөнүндөгү
жобого

# АННОТАЦИЯ

1. Аткарылды …
2. Бекитилген…
3. Илимий жетекчи:
4. Илимий изилдөөнүн актуалдуулугу...
5. Изилдөөнүн максаты …
6. Изилдөө маселелери …
7. Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы …
8. Практикалык мааниси…
9. Негизги жоболору…
10. Изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо.......…
11. Ачкыч сөздөр: …